DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Аширов А.А., Добаев К.Д.*

# МЕКТЕПТЕГИ КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮ ПРЕДМЕТИНИН ФУНКЦИЯЛАРЫ

*Аширов А.А., Добаев К.Д.*

# ФУНКЦИИ ПРЕДМЕТА ИЗОБРАЗИТЕЛЬНОЕ ИСКУССТВО В ШКОЛЕ

*A. Ashirov, K. Dobaev*

# FUNCTIONS OF THE SUBJECT OF FINE ARTS IN SCHOOL

*УДК: 373.52*

*Бул макалада окуучунун көркөм сүрөт өнөрүнө кызыгуусу жана анын толук кандуу калыптанган инсан катары турмуштагы ар кандай нерсеге эмоционалдык мамиле жасоого үйрөнүүсү, көркөм сүрөт өнөрүнүн окуучуга карата болгон таасирдүүлүгүнүн жогорулоосу баяндалды. Ошондой эле, мектеп окуучуларынын көркөм өнөр жана технология предметтери аркылуу калыптанган жана өркүндөтүлгөн оозеки жана жазуу речинин, коммуникативдик компетенциясынын мазмундук компоненттери камтылды. Мектеп курсундагы көркөм өнөр предметинин окуучуларды тарбиялоодогу орду, ролу менен мааниси жана ага таасир этүүчү факторлор аныкталды. Мектеп курсунда көркөм сүрөт өнөрүн окутуу аркылуу жалпы эл ичинде көркөм билим, элдин көркөмдүк-чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн арттырып, эмгекке болгон кызыгуусун, жарамдуулугун камсыз кылуу, мунун натыйжасында элдин маданий деңгээлин көтөрүү милдеттери каралды.*

***Негизги сөздөр:** сүрөт, көркөм сүрөт, мектеп, окуучу, функция, мектеп курсу, балдар, чыгармачылык, өнөр, искусство, окутуу, тарбиялоо, жомок.*

*В этой статье рассказывается о том, как заинтересовать ученика изобразительным искусством и научиться эмоционально относиться к каждому предмету в жизни как к полноценной сформированной личности, было отмечено увеличение влияния изобразительного искусства на ученика. Также были включены содержательные компоненты устной и письменной речи, коммуникативной компетенции, сформированные и улучшенные школьниками по предметам искусства и технологии. Определены место, роль, значение и факторы влияющие на предмет искусства в школьном курсе воспитании учащихся. В школьном курсе были рассмотрены задачи обеспечения доступности, интереса к труду, повышения художественно-творческих способностей народа, и, как следствие, культурного уровня народа через обучение изобразительному искусству.*

***Ключевые слова:** живопись, искусство, школа, ученик, функция, школьный курс, дети, творчество, обучение, воспитание, сказка.*

*This article describes how to interest a student in the visual arts and learn to emotionally relate to each subject in life as a fully formed personality, and an increase in the influence of visual arts on the student was noted. The content components of oral and written speech, communicative competence, formed and improved by students in the subjects of art and technology, were also included. The place, role, significance and factors influencing the subject of art in the school course of education of students are determined. In the school course, the tasks of ensuring accessibility, interest in work, increasing the artistic and creative abilities of the people, and, as a result, the cultural level of the people through the training of fine arts were considered.*

***Key words:** painting, art, school, student, function, school course, children, creativity, education, upbringing, fairy tale.*

Көркөм сүрөт өнөрү предметинин мектеп курсундагы жаш муундардын сүйлөө речин жана жазуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү жөнүндөгү маселе изилдөөгө муктаж экендиги белгилүү. Бул багыттагы иликтөө иши искусствонун башка түрлөрү сыяктуу эле аткарган негизги функциялары жөнүндөгү маалыматтарды ачыктоосу зарыл. Ал эми, көркөм сүрөт өнөрү предметинин аткарган функцияларына: курчап турган чөйрөнү таанып билүүдө жана анын чындыгын чагылдырууда негизги өзгөчөлөнгөн каражаттарга ээ экендиги; өз чөйрөсүндө аны баалоодогу өзгөчө талаптары; коомчулукка жана эл арасына таанытуу, жарыялоо, таркатуу функциясы; эстетикалык, б.а. адамга өзгөчө ырахат тартуулоочу функциясы; эмоционалдык абалды жакшыртуучу функциясы; интеллектуалдык жана чыгармачылык деңгээлин өнүктүрүү функциясы; мамилелешүүчүлүк функциясы кирет. Ошондой эле, көркөм сүрөт өнөрү ар бир инсанды ойлоо сезимин ички толгонуулар менен гана камсыз кылбастан, өзүн-өзү аңдап, таанып билүүгө, өзүнүн ички мүмкүнчүлүктөрүн максаттуу пайдаланууга да көнүктүрөт. Ошондуктан көркөм сүрөт өнөрүн жалпы билим берүүчү мекемелерде негизги предмет катары окутуу жаштардын ар тараптуу калыптануусунда көңүл чордонундагы маселе катары каралат.

Жалпы орто билим берүүчү мекемелерде көркөм өнөр предметинин жаш муундарды тарбиялоодогу жана алардын жүрүм-турумун калыптандыруудагы ролу төмөнкү факторлор менен түшүндүрүлөт:

- Көркөм сүрөт өнөрүнүн адамды курчап турган айлана чөйрөнүн ар кандай көрүнүштөрүн ачык жана көркөм-образдуу формада чагылдырып, көргөзмөлүү болушунда, дүйнө көрүнүштөрүнүн ар түрдүү багыттарынын бири-бири менен өз ара байланышта экендиги жаш муундардын көз алдында элестүү бир образды түзүп, анын айлана-чөйрөгө, коомго, жашоого болгон терең түшүнүктөрүн калыптандырат.
- Көркөм сүрөт өнөрүнүн жаштарга болгон таасирдүүлүгүнүн жогорку деңгээлде экендиги жашоонун реалдуулугун көркөм-образдуу чагылдыра алгандыктан, ар бир жаш муундун логикалык ойлоого мажбурлап, таасирлентет, ааламдын, адамзат дүйнөсүнүн кооздугун сезүүгө түртөт, курчап турган чөйрөгө карата болгон эстетикалык мамилесин түптөйт, ошондой эле, ал ар бир инсандын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



инсандык-ыймандык билимдерин, түшүнүктөрүн максаттуу багытка салат.

- жалпы орто билим берүүчү мекемелерде көркөм өнөр предметин окутууда жаш муундарды жаратылыштын, жашоо тиричиликтин, коомдогу инсандардын социалдык абалын, алардын коомдогу жана айлана чөйрөдөгү кубулуштарынын адамзат жашоосундагы ролун, алардын эстетикалык коздугун сезип, аларга туура мамиле жасоого, ал түшүнүктөрүн оозеки сүйлөшүүд, ошондой эле, жазуу ишмердүүлүгүндө натыйжалуу колдонулуп, алардын жазуу ишмердүүлүгүнүн ыктары калыптандырылат.
- мектеп курсундагы көркөм өнөр предмети окуучунун өзүнүн күнүмдүк турмушунда аралашып жүргөн көрүнүштөрдү, буюмдарды, каражаттарды, курчап турган чөйрөнү чыгармачылык менен чагылдыруу, тактайчада ар кандай кооз түстөрдүн жардамы менен сүрөттөө ишмердүүлүгүнө жараша өзүнүн ой толгоосун чагылдыра алуусу, ал аркылуу окуучунун мамилелешүү жөндөмүн калыптандыруу милдети турат.

Мына ошондуктан, жалпы билим берүүчү мекемелерде көркөм өнөр предмети өзүнүн эстетикалык таасирдүүлүгүнүн натыйжасында окуучунун коммуникативдик компетенциясы жакшы деңгээлге көтөрүлүп, сапаттык жактан жаңы баскычтарга чыгат. Жалпы билим берүүчү мекемелердеги билим берүү, окутуу, тарбиялоо иштеринин натыйжалуулугу артып, окуу предметинин ролу жогорулайт. Натыйжада, көркөм өнөр предметин окутууга чоң маани берилип, зарылчылыктар жаралат.

Жалпы орто билим берүүчү мектептерде көркөм сүрөт өнөрүн окутуу боюнча биринчи программа 1921-жылы түзүлүп, анын мазмунунда көркөм өнөр предметинин максат-милдеттери толук камтылган жана ал окуучулардын баарлашуу жана жазуу ишмердүүлүгүн калыптандырууга багытталган. Бул мазмунду чагылдырган максат-милдеттер төмөнкүдөй багытта түшүндүрүлгөн:

• Мектеп курсунда көркөм сүрөт өнөрүн окутуу жалпы билим берүүчү жана тарбиялоочу максат-милдеттерге ылайык келиши шарт, ошондуктан бул предметти башка предметтердей эле адамдын ар тараптан гармониялуу өнүгүшүнө: анын руханий, интеллектуалдык, дене түзүлүшү, саламаттыгы таза, чың, анын коомго пайдалуу инсан катары калыптанышына багытталган таризде каралышы керек.

Жалпы орто билим берүүчү мекемелерде көркөм сүрөт өнөрүн окутуу менен коомчулукта жана эл арасында көркөм билим, элдин көркөмдүк-чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүп, элдин эмгекке, чыгармачылыкка болгон кызыгуусун, жөндөмдүүлүгүн, ыкмашыгууларын камсыз кылуу менен элдин соцалдык-маданий деңгээлин көтөрүү милдеттери турган [4].

Биздин изилдөөлөргө чейинки жарык көргөн көркөм сүрөт өнөрүн окутуу боюнча усулдук колдонмолордо жалпы билим берүүчү мектептерде жаш муундарга көркөм-эстетикалык тарбия берүү жумуштары баланын өмүрүндөгү чыгармачылыктын ролу менен аныкталаары белгиленген. Соңку жылдарда – жаш муундардын чыгармачылыкка болгон муктаждыктары биогенетикалык фактордун чыгармачылыктын ар кандай түрлөрү менен, айрыкча, көркөм сүрөт искусствосуна жакын келээри айтылган. Өспүрүм курактагы окуучулардын психологиялык өзгөчөлүгү образдар дүйнөсүнө бай болот, андай көркөм образдарды иштеп чыгуу көркөм өнөр чыгармачылыгы менен байланыштуу иш, мындай ишмердүүлүктүн натыйжалары балдардын чыгармачылык жөндөмдөрүн чагылдырган ишмердүүлүгү болуп эсептелет. Өспүрүм балдардын психологиясын жана жөндөмдүүлүктөрүн изилдеп жүргөн психолог В.Рубинштейн минтип жазат: «Балдар искусствосу жөнүндөгү чыгармалар баланын өздүк, үй-бүлөлүк, мектептеги, коомдук жана баланы курчап турган чөйрөнүн тигил же бул материалдык абалынын мүнөзүн аныктайт» [2]. Учурда көркөм өнөрдү жалпы билим берүүчү орто мектептерде окутуу усулу жаш муундардын сүйлөө ишмердүүлүгүн калыптандыруу, өнүктүрүү маселесине чоң маани берет жана сүйлөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүү аркылуу билим берүү, окутуу, тарбиялоо процессиндеги эң башкы максаттарга жетүү үчүн натыйжалуу болгондугу белгиленди. Көркөм өнөр предметтерин окутуу боюнча белгилүү окумуштуу-методист, профессор Н.Н. Ростовцев «Мектепте көркөм сүрөт өнөрүн окутуу методикасы» (Методика преподавания изобразительного искусства в школе) деген монографиясында минтип жазат: «Көркөм сүрөт өнөрү менен таанышуу искусствонун сулуугун түшүнүүгө, баланы жаратылышты, өз мекенин сүйүүгө багыттайт» - деп белгилейт [3]. Демек, сүрөт өнөрү аркылуу жаш муундардын айлана-чөйрөгө, коомго, өз өлкөсүнө болгон мамилесин туура калыптандырууга негиз бар. Ошол лабораториянын изилдөөчүлөрү тарабынан соңку жылдарда жалпы орто билим берүүчү мектептерде көркөм сүрөт өнөрү аркылуу окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүгүн калыптандаруу маселесинде үлгү боло турган изилдөө иштери жаралып жаткандыгын белгилөөгө болот. Көркөм өнөрдүн (искусствонун), анын ичинде, сүрөт өнөрүнүн каражаттары аркылуу окуучулардын речтик-коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу проблемалары Н.И. Болдырев, И.Е. Марьенко, С.Р. Раджабов сыяктуу орус окумуштууларынын жана Д.А. Ак-ма-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тов, Н.Ө. Дөөлөтбаева, А.З. Бөлөкбаева сыяктуу кыргыз окумуштуу-методисттеринин бир катар эмгектеринде толук чагылдырылган. Бул проблеманын үстүндө диссертациялык иштерди жазган окумуштууларды айтып өтөлү. Т.Примовдун «Тил жана адабият сабактарында окуучулардын мекенчилдик аң-сезимин калыптандырууда алардын сүйлөө жана жа-зуу ишмердүүлүгүн калыптандыруунун мааниси» - деген кандидаттык диссертациясы бар. Бул диссертациялык иште изилдөөчү окуучунун моралдык-психологиялык сапатта-рын калыптандырууда көркөм чыгармалардагы каармандардын образдары, алардын аткаруу чеберчилиги, сүйлөө маданияты, сөздөрү аркылуу окуучунун сөз байлыгын өстүрүп, сүйлөө маданиятын калыптандыруу маселелери каралган. Мындан башка да бир катар изилдөөлөрдө окуучулардын коммуникативдик ишмердүүлүгүн калыптандыруу маселелери мындан да терең каралат, аларда төмөнкүдөй маселелер чечилген:

- Көркөм өнөр ресурстары аркылуу кенже мектеп жашындагы окуучулардын сүйлөө маданиятынын өнүгүшүнүн психологиялык өбөлгөлөрүн жана шарттарын аныктоо;
- Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуу пландарындагы жана окуу китептериндеги өнөр таануучулук мазмундардын жаш муундардын сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүгүнүн калыптанышына жараша болгон мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;
- Көркөм өнөр предмети аркылуу жаш муундардын сүйлөө маданиятын өнүктүрүү боюнча эффективдүү усулдардын болжолдуу топторун иштеп чыгуу жана аны билим берүү мекемелеринин шартында жүргүзүлүп жаткан иштердин алкагында тарбиялык иштердин болжолдуу иш пландарын жана иш чараларын, усулдарын, шарттарын иштеп чыгуу.

Ошондой эле, изилдөөчү-методист И.В. Пастырдын ою боюнча, болочок мугалимдин окуучусунун мамилелешүүчүлүк ишмердүүлүгүн өнүктүрүү процессинде мектеп курсунун көркөм сүрөт предметинин ролу чоң. Мектеп окуучуларынын сүйлөө маданиятын жана жазуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу кенже мектеп жашындагы окуучуларда адабий билим берүүдө жомоктор, алар боюнча тартылган сүрөттөр, чакан аңгемелер, жалпысынан, көркөм адабияттын үлгүлөрү, айрыкча, башталгыч класстардагы «Абышка-кемпирдин көмөчү», «Карышкыр менен жети улак», «Түлкү, коён жана карышкыр», «Жети таз менен жеке таз», «Сыйкырдуу таш», «Саймалуу таш», «Карышкыр менен козу», «Ак бала», «Үч бир тууган», «Ырыскы», «Бакыт-таалай каякта», «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы», «Күкүк менен Зейнеп», «Жалганчы аюу», «Жыл жана анын балдары», сыяктуу жомоктордун негизинде тартылган түстүү сүрөттөр, орус элдик жомоктордон «Гуси-Лебеди», «Репка», «Маша и медведь», акындардын балдарга арналган ырларынан: А.Пушкинден «Вот север, тучи нагоняя…», С.Есенинден «Береза», А.Плещеевден «Ласточки», С. Маршактан «Радуга-дуга», Е. Благининадан «Елка», Г.Скробицкийден «На лесной поляне зимой», А.С.Пушкинден «Сивка-бурка», «Сказка о царе Султане...», «Вот и хлеба созрели» Э.Шимден «Дедушка Мазай и зайцы», Н.Некрасовдон, «Моя Родина» В. Лебедев-Кумачдан деген чыгармаларында каралат.

Жогоруда айтылган ойлорго таянып, биз төмөнкүдөй тыянактарды чыгарабыз:

1. Көркөм сүрөт өнөрү окуучулардын мамилелешүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү процессинде маанилүү орунга ээ..
2. Жалпы билим берүүчү мекемелерде жаш муундарга көркөм сүрөт өнөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүү үчүн ошондой эле, окуучулардын сүйлөө маданиятын жана жазуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча системалуу мүнөздөгү иликтөө иштери, эксперименталдык тажрыйбалар жүргүзүлгөн эмес.

Мындай маанилүү эксперименталдык тажрыйба иштери чукул арада колго алынып, иликтөө иштери жүргүзүлүүсү керек. Мындан төмөнкүдөй жалпы корутунду-бүтүм келип чыгат: Көркөм сүрөт өнөрүнүн каражаттары аркылуу окуучулардын сүйлөө маданияты, жазуу ишмердүүлүгү компетенттүүлүгүн өнүктүрүү маселесине талаптарды күчөтүү зарыл. Аталган проблема боюнча мамлекеттик стандарттар, предметтик программалар, окуу китептери, окуу-усулдук колдонмолор окуучунун сүйлөө маданиятын жана жазуу ишмердүүлүгүн калыптандырууга карата кошумча программалар менен толукталуусу зарыл.

**Адабияттар:**


1. Революция - искусство - дети. Материалы и документы, 1917-1923. М., 1966. - С. 224-225.
2. Рубинштейн С.Л. Проблемы общей психологии. - М., 1979.
3. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе. М.: Просвещение, 1980. - С. 98.
4. Кузин В.С. Основы обучения изобразительному искусству в школе. - М.: Просвещение , 1977. - С. 107.
5. Боголюбов Н.С. Военно-патриотическое воспитание средствами изобразительного искусства и военно-патриотическое воспитание школьников. - М., 1975. - С. 259.
6. Самсонюк Н. Народные пословицы в патриотическом воспитании детей старшего дошкольного возраста. - М., I983.
7. Пастырь И.В. Формирование у будущих учителей готовности к формированию коммуникативных умений младших школьников средствами изобразительного искусства. – М., 1998.
8. Бейшеев Т. Влияние русского языка на лексикографию кыргызского языка один из путей обогащения кыргызской речи. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 1. С. 196-200